فقه الصيام بالقرغيزية

# ОРОЗО

## ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК

ШЕЙХ ХЕЙСАМ САРХАН
(АЛЛАХ АНЫ САКТАСЫН)



WWW.ATTASSEEL-ALELMI.COM

بسم الله الرحمن الرحيم

*Мээримдүү, Ырайымдуу Аллахтын аты менен*

## ОРОЗОНУН МААНИСИ

Орозонун (араб. الصيام «*сыям*») араб тилиндеги мааниси – «карманую» («*имсак*»); шариаттык мааниси – «Аллахка ибадат кылуу ниетте чыныгы таң аткандан баштап күн батканга чейин жеп-ичүүдөн жана башка орозону бузуучу нерселерден тыйылуу».

## ОРОЗОНУН ТҮРКҮКТӨРҮ

❶ Орозо кармоого ниеттенүү
❷ Орозону бузуучу нерселерден алыс болуу.

## ОРОЗОДОГУ НИЕТТИН ТҮРЛӨРҮ

❶ Парз (милдеттүү) орозого ниет кылуу: Адамдын орозо тутууга ниети сөзсүз алдын ала түндө же таңдан мурунураак болуусу зарыл. Рамазан айынын башында кылынган ниет - толук ошол айдын аягына чейин жетиштүү болот. Ниеттин орду жүрөк болгондуктан, тил менен айтуу *бидаат* (динге жаңылык киргизүү) болуп, тыюу салынат.

❷ Нафил (ыктыярлуу) орозого ниет кылуу: Күндүн ар убагында, адам ага чейин орозону бузуучу иштерди кыла элек болсо, ниет кылып орозо тута берсе болот. Орозонун сообу ниеттенгенден баштап жазылат.

## ОРОЗОНУН ТҮРЛӨРҮ

❶ Парз (важип) орозо: Рамазан айынын орозосу, каффарат (кемчиликтин ордун толуктоо) орозосу жана Аллахка убада берүү (назир) орозосу ❷ Нафил орозо.

## ОРОЗОНУН ПАРЗ БОЛУШУ ҮЧҮН ШАРТТАР

❶ Мусулман болуу
❷ Акыл эси жайында болуу
❸ Балакатка келип, жетилүү (булюг). Ал эми ар нерсени айырмалап калган (тамйиз) курактагы баланы, ата-энеси орозо кармоого үгүттөп, кызыктырып турушу керек
❹ Жашаган жерде (өз үйүндө) болуу. Демек, сапардагы адамга орозо - парз эмес. Бирок оорчулук болбосо орозо кармаганы артык, анткени пайгамбар (ага Аллахтын саламы жана салаваты болсун) өзү ушундай кылган, ошондой эле ал бул берекелүү айдын пазилетине туш болот жана милдетинен эртерээк кутулуп, жеңилдик алат
❺ Орозо кармай алгыдай саламаттыкта болуу
❻ Айыздан (этек кир) жана нифастан (төрөттөн кийин келүүчү кандан) таза болуу.

## ООРУП КАЛГАН АДАМДЫН ОРОЗОСУ

Экиге бөлүнөт: ❶ Айыкпас ооруга чалдыккан адам. Буга дагы орозо кармай албай калган улгайган адамдар да кирет. Мындай адамдарга орозо кармоо парз эмес, бирок орозонун ар бир күнүнө бирден кембагалды тойгузушу

керек. Рамазан айындагы күндөрүнүн санына ылайык кедей-кембагалдарды чоогу бир тойгузат, же ар бир кедейге "са'" деген өлчөмдүн төрттөн бир бөлүгүнө (¼) барабар тамак таратат (бул 510 грамм жакшы сапаттагы буудай унунун көлөмүнө барабар), кошумча эт жана май берип койсо да жакшы.

❷ Айыга турган ооруга чалдыккан, бирок орозо тутуусу оор болгон (кыйнала турган) адамдар. Буга дагы айыз (этек кир), нифас, эмчек эмизген аялдар жана сапардагы адамдар да кирет. Мындай адамдар айыккан соң, орозодо калтырган күндөрүн толуктап, ооз бекитет. Эгерде карыз орозосун кармай электен мурда каза тапса, анда мойнундагы милдеттен бошотулат.

## РАМАЗАН АЙЫНЫН КЕЛИШИ КАНТИП АНЫКТАЛАТ

❶ (29-Шаабанда) Жаңырган жаңы айдын көрүнүшү аркылуу ❷ же күн бүркөө болуп айдын жаңырганы же жаңырбаганы билинбей калса, Шаабан айы отуз күнгө толукталат жана андан кийинки күн Рамазандын биринчи күнү деп саналат.

## ОРОЗОНУ БУЗУУЧУ ЖАГДАЙЛАР

(Билбеген, унутуп калган же мажбурланган адамдарга төмөнкүлөр кечирилет жана орозолору бузулбайт)

❶ Атайлап жеп-ичүү. Унутуп калып жеп же ичип алса оозу ачылбайт (орозосун уланта берет)

❷ Орозо кармоосу парз болгон адам Рамазандын күндүзү жыныстык катнашта болсо. Мындай адам оордотулган каффарат аткарууга милдеттүү (бир кул бошотуу, болбосо үзбөстөн эки ай катары менен орозо тутуу, муну да кыла албаса 60 кедейдин курсагын тойгузуу)

❸ Өбүшүү, кучакташуу ж. б. ушул сыяктуу себептердин айынан бел суунун (уруктуктук) чыгуусу орозону бузат. Ал эми уктап жаткан учурда өз алдынча чыгуусу бузбайт.

❹ Тамак-аштын ордуна колдонулчу заттар, мисалы азыктандыруучу укол (глюкоза капельницасы сыяктуу). Ал эми азыктандырбаган уколдор, көзгө жана мурунга тамызчу дарылар оозду ачпайт.

❺ Хиджама ыкмасы менен кан чыгаруу. Ал эми анализ тапшыруу максаты сымал алынган аз өлчөмдөгү кан – орозону бузбайт

❻ Атайлап кусуу

❼ Этек кирдин же төрөттөн кийинки кандын келүүсү.

## ОРОЗОДОГУ МУСТАХАБ АМАЛДАР (СООПТУУ ЖАКШЫ АМАЛДАР, БИРОК ПАРЗ ЭМЕС)

❶ Саарлыкта тамактануу

❷ Саардагы тамактанууну акыркы убакытка чейин чоюу

❸ Ооз ачууга шашылуу (күн кирээри менен дароо ооз ачуу - бул сүннөт)

❹ Так өлчөмдөгү жаңы курмалар менен ооз ачуу, жок болсо кургак курмалар менен, ал дагы жок болсо суу

менен. Ал эми ооз ачууга эч нерсе таппаса, жүрөк менен ниет кылат жана ниети аркылуу оозу ачылат
❺ Ооз бек болуп жүргөн маалда көп дуа кылуу
❻ Көбүрөөк садака берүү (жана башкаларды үгүттөө)
❼ Түнкү намаздарды көбүрөөк окуу
❽ Куран китебин окуу (жана маанилерине ой жүгүртүү)
❾ Умра (кичи ажылык) кылуу
❿ Аны менен урушкан адамга «мен орозомун» деп айтуу
⓫ Кадыр түндү издеп, тосконго аракет кылуу (айдын 10 акыркы түнү, же ушул 10 түндүн так түндөрү, же 27-түнү)
⓬ Акыркы 10 күнү и'тикафта отуруу (ибадат кылуу ниетте мечитте болуу).

## ОРОЗОДОГУ МАКҮРӨӨ (ЖАГЫМСЫЗ) АМАЛДАР

❶ Ооз мурунду чайкоодо аша чабуу (тамактан аары кирип кетпеши үчүн сууну ашыкча терең киргизүүдөн сак болуш керек) ❷ Зарылсыз тамактын даамын татып көрүү.

## ОРОЗОДОГУ МУБАХ (УРУКСАТ) АМАЛДАР

Орозо туткан адамга уруксат:
❶ Шилекей жутуу
❷ Зарыл болсо тамактын даамын татып көрүү (бирок жутуудан сак болуш керек)
❸ Жуунуу, гусул алуу
❹ Сивак (же щетка менен) тиш тазалоо
❺ Атыр колдонуу
❻ Салкындануу үчүн сууга түшүү (ооз, мурун аркылуу тамактан ары суу кирип кетүүдөн сак болуш керек).

## ОРОЗО ТУТКАН АДАМГА ТЫЙУУ САЛЫНАТ

❶ Какырык жутуу (бирок бул оозду ачпайт)
❷ Жакындык кылып жиберүү коркунучу бар адамга аялын өбүү (ал эми ата энени, балдарды өбүү оозду ачпайт)
❸ Жалган сөз (жана буга баардык арам иштер да кирет)
❹ Наадандык (адепсиздик, ачуулануу, оройлук)
❺ Висал (эки күн оозду ачпай орозону уланта берүү арам).
9

## НАФИЛ (ЫКТЫЯРЛУУ) ОРОЗО

❶ Шавваль айынын 6 күндүк орозосу. Бул Рамазан айынын орозосун толук кармаган (же казасын толуктаган) адам үчүн. Эң жакшысы майрамдан кийин дароо бул күндөрдүн арасын үзбөстөн орозо кармоо.
❷ Ажылыкта жүрбөгөн адамга Арафа күнү орозо тутуу
❸ Ашура күнү орозо тутуу (Мухаррам айынын онунчу күнү), тогузунчу жана он биринчи күндөрү менен бирге
❹ Дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү. Дүйшөмбү күнкү орозо көбүрөөк тастыкталган.
❺ Ар айда үч күн. "Ак күндөрү" (толгон ай күндөрү) болсо абзел (хижрат календары боюнча айдын 13, 14, 15 күндөрү)
❻ Күн алыс орозо тутуу (бир күн кармап, бир күн ооз ачуу. Бул Дауд пайгамбардын орозосу - эң жакшы орозо, мындан артык жакшы болбойт)

❼ Аллахтын айы - Мухаррам айында
❽ Зуль Хижжа айынын алгачкы тогуз күнү
❾ Шаабан айында орозо кармоо, бирок айды толугу менен эмес.

## МАКҮРӨӨ (ЖАГЫМСЫЗ) ОРОЗО

Бир гана жума күнү, же бир гана ишемби күнү, же бир гана жекшемби күнү орозо кармоо (ага чейинки же андан кийинки күндү кошо кармабастан). Бирок башка бир себеби бар орозо күндөр (мисалы Арафа күнү) бул күндөргө туш келип калса анда уруксат.

## ТЫЮУ САЛЫНГАН ОРОЗО

❶ Ражаб айын өзгөчөлөп орозо кармоо
❷ «Шек күнү» орозо тутуу (бул 29-Шаабанда булут же башка себептердин айынан жаңы айдын чыкканы же чыкпаганы билинбей, шектүү болуп калган күн). Ал эми адамдын такай кармап жүргөн орозосу ушул күнгө туш келип калса - тыйуу салынбайт.
❸ Эки майрам күндөрү (Орозо айт менен Курман айт)
❹ Ташрик күндөрү (Курман айттан кийинки 3 күн). Эгерде ажылыкта жүргөн адам мал сойдура албай калган болсо (хадий) анда ал орозо кармайт.
❺ Күнүгө үзбөстөн такай орозо кармап жүрүү.
Рамазандын казасын толуктоодо гана үзбөстөн күнүгө орозо кармоо мустахаб (жакшы) болот. Орозонун казасын айттан кийин дароо толуктоого аракет кылган абзел. Кийинки Рамазанга чейин кечиктирүүгө болбойт. Ал эми ким кечигип калган болсо, анда ал Рамазандан кийин калтырылган күндөрдүн гана казасын толуктайт, андан көп эмес. Бирок кечиктиргени үчүн күнөө алат.

## ФИТР (БИТИР) САДАКА

Кимде-ким мусулман болуп туруп, майрам күнү жана түнү өзү менен үй-бүлөөсү тойгудай тамак-ашка ээ болсо жана ошол азыгы, анын муктаждыгын кандыргандан тышкары, бир са' өлчөмүнө ашыкча болуп жана ушундай абалда Рамазан айынын акыркы күн батышын кезиктирген болсо – мындай адамга фитр садака берүү важип болот. Эненин курсагындагы бала үчүн да фитир садака берүү мустахаб.

## ФИТР САДАКА БЕРҮҮ УБАКТЫСЫ

❶ Майрамга чейин бир же эки күн мурда берүүгө уруксат
❷ Эң жакшысы - майрам күнү багымдат намаздан кийин айт намазга чейинки убакытта берүү
❸ Айт намаздан кийин берүүгө тыюу салынат.

## ФИТР САДАКАНЫН ӨЛЧӨМҮ

Адамдар тамактана турган негизги азык-түлүктөн бир са' (бир са' - 2 кг 40 грамм жакшы буудайдын көлөмүнө барабар) өлчөмүндөгү азык түлүк берилет, акча менен фитр садака берүү жарабайт.

## ФИТР САДАКАНЫН МАКСАТЫ

❶ Кармаган орозону кемчиликтерден (пайдасыз же жаман сөздөрдөн) тазалоо

❷ Кембагал кедей адамдарды майрам күнү башкаларга муктаждыктары менен кайрылуудан бошотуу.

## АЙТ НАМАЗ

Айт намазы баарына парз болот. Күн чыгыштан найза бою көтөрүлгөндөн тартып, так төбөгө келген убакытка чейин окулат. Ким намаздан калып калса анын казасын толуктабайт (өзүнчө дагы окубайт). Жашаган үйлөрдөн сырткары ачык ээн талаада айт намазды окуу - сүннөт, бирок мечитте деле окууга уруксат. Намазга бараардан мурда так сандагы курма жеп чыгуу, ошондой эле жуунуп тазаланып гусул алуу, атыр себинүү, эң жакшы кийим кийүү, намазга бир жол менен барып башка жол менен кайтып келүү – ушунун баарысы мустахаб (сооптуу) иштер болуп эсептелет (Ал эми Курман айт намазына эч нерсе жебей чыгуу - сүннөт).

Төмөнкү сөздөр менен адамдарды куттуктаса болот:

***«Сизден жана бизден Аллах кабыл кылсын!»***

**تقبل الله منا منكم**

***/Такъаббаля-Ллаху минна ва минкум/***

Майрамга караган түндөн баштап майрам күндүн күн батышына чейин такбир айтуу сүннөт.

Такбир сөздөрү: ***«Аллах Улук, Аллах улук!***

***Аллахтан башка (сыйынууга татыктуу) кудай жок!***

***Аллах Улук, Аллах Улук, Аллахка мактоолор болсун!»***

**الله أكبر الله أكبر لا إله إلا الله**

**والله أكبر الله أكبر ولله الحمد**

***/Аллаху акбар. Аллаху акбар. Ля илааха илля-Ллах.***

***Уа-Ллаху акбар. Аллаху акбар, уа ли-Лляхи-ль-хамд/***

## АЙТ НАМАЗДЫН БАЯНДАМАСЫ

Айт намаз эки рекеттен турат жана хутбага чейин окулат. Биринчи рекетте намазга кирүү такбиринен (такбиратул ихрамдан) кийин алты жолу такбир (Аллаху акбар) айтылат. Экинчи рекетте Куран окууну баштаардан мурда, туруу такбиринен кийин беш такбир айтылат.

Аллах-Таала баардыгыбыздын орозолорубузду кабыл кылып, кетирген кемчиликтерибизди жана күнөөлөрүбүздү кечирип, Өзүнүн áдининде кадамдарыбызды бекем кылган болсун!

**والله اعلم وصلي الله على نبينا محمد**

**وعلى آله وصحبه**

**أجمعين**